УДК 371.13, 37.048.45
DOI 10.58649/1694-9099-2026-1-268-272

**СМАНБАЕВ Ө.А.**
И. Арабаев атындагы КМУ
**СМАНБАЕВ Ө.А.**
КГУ имени И. Арабаева
**SMANBAEV O.A.**
KSU named after I. Arabaev
SPIN-код: 5410-8060
ORCID iD: 0009-0005-9963-0196

# БОЛОЧОКТОГУ МУГАЛИМДИ КОМПЕТЕНТТҮҮ КЕСИПТИК БАГЫТ БЕРҮҮ ИШИН ЖҮРГҮЗҮҮГӨ ДАЯРДОО

# ПОДГОТОВКА БУДУЩИХ УЧИТЕЛЕЙ К ПРОВЕДЕНИЮ ПРОФОРИЕНТАЦОННУЮ РАБОТУ НА КОМПЕТЕНТНОЙ ОСНОВЕ

# PREPARING FUTURE TEACHERS TO CONDUCT PROFESSIONAL DEVELOPMENT WORK ON A COMPETENT BASIS

**Кыскача мүнөздөмө:** Кыргызстандагы социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн, билим берүү системасын трансформациялоонун шарттарында мектеп окуучуларын туура кесип тандоого даярдоо маанилүү маселе болуп саналат. Макалада мектеп окуучуларына кесиптик багыт берүүдөгү мугалимдин ролу, педагогикалык жогорку окуу жайда аудиториядан тышкаркы иштерде педагогикалык шарттарды эске алуу менен студенттерди кесиптик багыт берүү ишин компетентүү жүргүзө билүүгө даярдоонун жолдору каралган. Изилденип жаткан маселенин теориядагы жана практикадагы абалын талдоонун негизинде болочоктогу мугалимди кесиптик багыт берүү ишин жүргүзө билүүгө даярдыгы жөнүндөгү түшүнүк жана анын максаттык, мотивациялык-баалуулук, когнитивдик, иш-аракеттик, рефлексивдик компоненттери белгиленген. Изилдөөнүн жыйынтыгына таянуу менен болочоктогу мугалимдерди кесипке багыт берүү ишине даярдоодо ишинин натыйжалуулугун арттыруу үчүн практикалык сунуштар берилген.

**Аннотация:** В условиях социально-экономических изменений и трансформации системы образования в Кыргызстане подготовка школьников к правильному выбору профессии является важной задачей. В статье рассматривается роль учителя в профессиональной ориентации школьников, способы подготовки студентов к компетентному проведению профессиональной ориентации с учетом педагогических условий во внеаудиторной деятельности в педагогическом вузе. На основе анализа состояния данной проблемы в теории и практике определены понятие о готовности будущего учителя к профориентационной работе, а также ее целевые, когнитвные, мотивационно-ценностные, информационные, деятельностные и рефлексивные компоненты. По результатам исследования даны практические рекомендации по повышению эффективности работы будущих учителей по подготовке к профориентационной работе**.**

**Abstract:** In the context of socioeconomic changes and the transformation of the education system in Kyrgyzstan, preparing schoolchildren for the right career choice is a crucial task. This article examines the role of teachers in career guidance for schoolchildren and ways to prepare students to competently conduct career guidance, taking into account the pedagogical conditions of extracurricular activities at a pedagogical university. Based on an analysis of the current state of this issue in theory and practice, the concept of future teachers' readiness for career guidance is defined, as well as its target, cognitive, motivational-value, informational, activity-based, and reflective components. The study's findings provide practical recommendations for improving the effectiveness of future teachers' preparation for career guidance.

**Негизги сөздөр:** компетенттүүлүк; инновация; аудиториядан тышкаркы иштер; мотив; педагогикалык шарт; эксперимент; кесип; технология.

**Ключевые слова:** компетентность; инновация; внеаудиторная деятельность; мотив; педагогические условия; эксперимент; профессия; технология.

**Keywords:** competence; innovation; extracurricular activities; motive; pedagogical conditions; experiment; profession; technology.

**Киришүү.** Адам коомунун өнүгүшүнүн ар бир этабында кесипке багыт берүү маселеси дайыма актуалдуу болгон. Натыйжада, бул багытта коомдук илимдер тарабынан изилдөөлөр жүргүзүлүп, көйгөйдүн илимий негиздери аныкталып, окуучулардын ден соолугун, шык жөндөмүн, кызыгуусун эске алуу менен кесиптик багыт берүү иштеринин системасы калыптанган.

Кыргызстанда кесиптик багыт берүү маселеси бир нече этапта өнүгүп, өлкөбүздүн социалдык-экономикалык жактан өнүгүшүндө мааниге ээ болгон [15]. XX-кылымдын соңунан баштап өлкөбүздүн жаңы шарттарда өнүгүүгө багыт алышы бул маселенин актуалдуулугун жаратты.

Азыркы кездеги эл чарбасынын бардык тармактарына инновациялык технологиялардын, санариптештирүүнүн киргизилиши, чыгармачылык менен иштей билген компетенттүү кесип ээлерин даярдоону талап кылат. Өлкөбүздө кабыл алынган «Кыргызстанды 12 жылдык жалпы билим системасына өткөрүү жөнүндө» концепциясына ылайык өлкөбүздүн билим берүү системасынын структуралык жана мазмундук жактан трансформацияланышы мектеп окуучуларын аң сезимдүү, компетенттүү кесип тандап алууга даярдоо маселесин күн тартибине койду [1]. Анткени, мектеп бүтүрүүчүлөрү келечекте эл чарбасынын бардык тармактарында эмгектенишет. Мына ушул көйгөйдү чечүүдө мугалимдин ролу өсөт

**Изилдөөнүн методдору.** Изилдөөнүн жүрүшүндө ченемдик-укуктук документтерди талдоо жүргүзүлүп, теориялык жана эмпирикалык методдордун комплекси колдонулду. Изилдөөнүн жүрүшүндө мына ушул маселенин алкагында И.Арабаев атындагы КМУда аудиториядан тышкаркы иштерде эксперименталдык (32 студент) жана текшерүүчү (33 студент) топтор аныкталып, иш чаралар өткөрүлдү.

**Изилдөөнүн жыйынтыктары жана талдоо.**

Бүгүнкү күндө илимий чөйрөдө кесипке багыт берүү маселеси "глобалдуу көйгөй" катары каралууда [6]. Окумуштуу И.А. Фирсованын пикири боюнча жаңы шарттарда кесиптик багыт берүү «окуучулардын кесип тандоодогу компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө, тактап айтканда, кесип тандоо жөнүндө маалыматты талдоо жөндөмүн, теориялык билимдерин жана практикалык көндүмдөрүн өнүктүрүүгө, натыйжада алардын кесиптик жолун туура аныктоо мүмкүнчүлүгүн жогорулатууга багытталган татаал процесс» [5; 20].

Изилдөөнүн жүрүшүндө мектеп мугалимдеринин көпчүлүгү окуучуларга кесиптик багыт берүү ишин жүргүзө билүүгө даярдыгы жетишсиз экендигин аныктай алдык [18]. Мурда мугалимдер биринчи кезекте, окуучулардын эмгек рыногундагы кесиптер жана ага коюлган талаптар менен тааныштырып, маалымдуулугун жогорулатып, алардын келечектеги кесибин туура тандоосуна багыт берүү менен гана чектелген. Бул коомдун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн жаңы шарттарында жетишсиз. Азыркы кезде мектепте кесиптик багыт берүү ишин жүргүзүүдө окуучулардын компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүгө багытталган жаңы тенденцияга басым жасоосу керек [18]. Учурдагы инновациялык технологиялардын шарттарында мугалим кесиптик багыт берүү ишин жүргүзүүдө окуучулардын дүйнө таанымынын өзгөрүшүн эске алышы керек. Муундар теориясын жактаган окумуштуулар 2000-жылдардан кийинки төрөлгөндөрдү Z мууну деп аныкташкан [11; 14; 18]. Алар интернетти, смартфондорду, социалдык тармактарды, санариптик технологияларды күндөлүк турмушунда активдүү колдонушуп, өзүлөрүнүн кесип тандоосунда ушул булактарынан тапкан маалыматтар менен гана чектелишет. Изилдөөнүн жүрүшүндө мектеп бүтүрүүчүлөрү ар түрдүү объективдүү жана субъективдүү факторлордун таасир астында кесип тандоодо олуттуу ката кетире тургандыктарын аныктай алдык [17]. Мына ушул жагдайлар болочоктогу мугалимдерди компетенттүү мамиле жасоонун негизинде окуучуларга кесипке багыт берүү ишине даярдоонун керектигин көрсөттү.

Илимий адабияттарда «даярдык» түшүнүгүнө ар түрдүү аныктамалар берилген. Психологиялык-педагогикалык сөздүктө «даярдык» түшүнүгү инсандын ишенимдеринин, көз караштарынын, мамилелеринин, мотивдеринин, сезимдеринин, эрктүү жана интеллектуалдык сапаттарынын, билиминин, эмгек көндүмдөрүнүн жана жөндөмдүүлүктөрүнүн максаттуу түрдө көрүнүшү катары чечмеленген [13].

В.А. Адольфтун оюу боюнча, даярдык бул ар кандай иш-аракеттин эң маанилүү мүнөздөмөсү болгон жана ырааттуу элементтердин комплексинен турган компетенттүүлүктүн көрүнүшү: муктаждыкты түшүнүү, мотивди калыптандыруу, иш-аракетти пландаштыруу, максатка жетүү үчүн зарыл болгон элементардык иш аракеттердин тизмесин талдоо, иш-аракетти аткаруу ыкмасын тандоо жана аларды ишке ашыруу [2].

М.И. Дьяченко, Л.А. Кандыбовичтин пикири боюнча даярдык инсандын мотивдери жана психологиялык мүнөздөмөлөрү менен шартталган билимди, жөндөмдүүлүктөрдү, көндүмдөрдү, белгилүү бир аракеттерге, жүрүм-турумга болгон ыктоону, активдүү аракеттерге көңүл бурууну камтыган инсандын интегративдик сапаты. [9]. Э.Ф. Зеер – бул белгилүү бир иш-аракетти сапаттык жактан ишке ашырууда көрүнгөн субъекттин ажырагыс интегралдык мүнөздөмөсү,- деп эсептейт [10].

Илимий адабияттарды талдоонун негизинде даярдыктын төмөндөгүдөй белгилерин айта кетмекчибиз: адамдын туруктуу инсандын интегративдик жана жеке сапаттарынын, компетенттүүлүктүн жана интегралдык мүөздөмөлөрдүн жана психологиялык мамиленин болушу.

Компетенттүүлүккө негизделген мамиле жасоо [2; 3; 4; 5; 10; 13] болочоктогу мугалимдин “кесиптик багыт берүү ишин жүргүзүүдөгү компетенттүүлүгү" түшүнүгүн карап чыгууга мүмкүндүк берет.

В.И. Щеголь. жана Е.В. Муравина кесиптик багыт берүү ишин жүргүзүүдөгү компетенттүүлүгү мугалимдин кесиптик функцияларды ийгиликтүү аткаруу үчүн зарыл болгон инсандык сапаттардын жыйындысына ээ болгон келечектеги адистин метаактивдүүлүгү деп эсептешет [19].

Л.В. Курочкина кесиптик компетенттүүлүктүн негизги компоненттеринин (адеп-ахлактык, когнитивдик-чыгармачыл жана коммуникативдиктин сапаттары) өнүгүшү, өз кезегинде мугалимдин кесиптик багыт берүү ишин жүргүзүүдөгү компетенттүүлүгүнүн өнүгүшүнө алып келе тургандыгын белгилеген [11].

Т.С. Борисова мугалимдин кесиптик багыт берүү ишин жүргүзүүдөгү компетенттүүлүгү кесиптик багыт берүү боюнча билимдерди, көндүмдөрдү, практикалык тажрыйбаны, жеке жана кесиптик сапаттарды бириктирген, келечектеги кесипке багыттоочу функцияларын натыйжалуу аткарууну камсыз кылышы катары караган. Ал мугалимдин кесиптик багыт берүү ишин жүргүзүүдөгү компетенттүүлүгү үчүн төмөнкү компоненттерден турган алкакты сунуштаган: мотивациялык, когнитивдик, эмоционалдык-эрктүүлүк жана баалоочу [5].

Жогоруда белгиленген окумуштуулардын көз караштарына таянуу менен болочоктогу мугалими кесиптик багыт берүү иши даярдоонун төмөндөгүдөй компоненттерин белгилемекчибиз.

Максаттык компонент – болочоктогу мугалимдин окуучулардын муктаждыктарына жана өнүгүү өзгөчөлүктөрүнө негизделген жеке кесиптик максаттарын өнүктүрүүгө багытталган көндүмдөрүнүн болушу. Мотивациялык-баалуулук компонент – болочоктогу мугалимдин кесиптик багыт берүү ишинин социалдык, педагогикалык, кесиптик жана жеке баалуулукка негизделген маанилерин туура түшүнүүсү. Когнитивдик компонент –болочоктогу мугалимдин кесиптик багыт берүү ишин жүргүзүү үчүн билимдерге ээ болушу Маалыматтык компонент – азыркы кездеги эл чарбасынын жана эмгек чөйрөсүнүн өнүгүүсүнүн тенденциялары, кесипке багыт берүүнүн принциптери, заманбап баланын өнүгүү өзгөчөлүктөрү, санариптик ресурстар ж.б.у.с. маалыматтарга ээ болуусу. Иш-аракеттик компонент - кесипке багыт берүү иш чараларын даярдоо, ыкмаларын тандоо, уюштуруу жана инновациялык технологияларын колдоно билүү көндүмдөрүнө ээ болушу. Рефлексиялык компонент – болочоктогу мугалимдин өзүнүн кесиптик багыт берүү ишин жүргүзүүгө даярдыгын, өзүн-өзү өнүктүрө билүү ыкмаларын өздөштүрүүнү камтыйт [17].

Изилдөөнүн жүрүшүндө эксперименталдык топтун студенттеринин педагогика предметин окутууда кесиптик багыт берүү маселеси боюнча алган теориялык билимин, билгичтиктерин жана аныкталган педагогикалык шарттарды [17] эске алуу менен аудиториядан тышкары иштерде мектепте кесиптик багыт берүүгө багытталган тарбиялык иш чаралардын системасын жүргүзө билүүгө даярдадык. Анткени, болочоктогу мугалимдин аудиториядан тышкары өткөрүлгөн иш чараларга катышуусу окуу процессинде алган теориялык билимдерин тереңдетүүнүн, практикалык көндүмдөрүн калыптандыруунун мейкиндигин уюштурууга негиз болот. Төмөндө изилдөөнүн жүрүшүндө эксперименталдык топто

колдонулган аудиториядан тышкары жүргүзүлгөн иштердин айрымдарына кыскача токтоло кетели.

Болочоктогу мугалимдердин арасында ар кыл кесип ээлеринин катышуусу менен “Азыркы кездеги кесиптер дүйнөсү” “Инновациялык экономика жана кесип тандоо”, “Кесипке багыт берүү ишинин инновациялык технологиялары” жана башка ушул сыяктуу темада өткөрүлгөн лекциялар, талкуулар алардын кызыгуусун жаратты. Мына ушул формалардын өткөрүүдө алар кесиптер дүйнөсүндөгү өзгөрүүлөр, инновациялык экономика, эмгекти уюштуруу жаңы шарттарында пайда болгон кесиптер жана ага ылайык кесип тандоонун өзгөчөлүктөрү, кандай компетенцияларга ээ болушу керектиги ж.б.у.с. маселелер боюнча маалыматтарды алышты

Болочоктогу мугалимдердин тажрыйбалуу, жаңычыл мугалимдер менен жолугушуусу алардын кесиптик сапаттарынын калыптанышына таасир тийгизет. Мисалы, болочоктогу химия мугалимдери республикалык жылдын мыкты мугалиминин конкурсунун жеңүүчүсү №69 мектептин химия мугалими К. Айдаралиева менен болгон жолугушуу. Ал жолугушууда болочоктогу мугалимдерге өзүнүн кесибинин өзгөчөлүктөрү, өлкөбүздүн билим берүү системасынын өнүгүүсүнүн жаңы шарттары коюп жаткан талаптар, педагогикалык чеберчиликке ээ болуунун жолдору, мугалимдин окуучуларга кесиптик багыт берүүдөгү ролу тууралуу кеңири маалымат берди. Ошондой эле К. Айдаралиева болочоктогу мугалимдерди өзүнүн сабактарына жана өткөргөн класстан тышкаркы иштерине катыштырып химия сабагында окуучуларга кесиптик багыт берүүнүн мүмкүнчүлүктөрү менен тааныштырды.

Болочоктогу мугалимдерди учурдагы инновациялык технологиялардын шарттарында окуучуларга кесиптик багыт берүү ишинин бардык компоненттери боюнча иш жүргүзө билүүгө даярдоодо тренингдер натыйжалуу шарт болуп саналат. Окуучулардын кесипке кызыгуусун, анын тандоонун мотивдерин жана башка маселелерди үйрөнүүгө багытталган анкеталарды даярдоо, алардын арасында тарбиялык иш чараларды өткөрүүнүн алгылыктуу форма жана методдорун колдонуу, кесиптик кеңеш берүү иштерин жүргүзүү жана башка мааселелер боюнча тренингдер өткөрүлдү. Мындан сырткары болочоктогу мугалимдер тренингдин жүрүшүндө маалыматтык технологияларды колдонуу менен вебинарларды, диспуттарды, онлайн жолугушууларды, экскурсияларды өткөрүүнүн жолдорун үйрөнүштү. Болочоктогу мугалимдер үчүн атайын ийримдерге катышуусу окуучуларга кесиптик багыт берүүнүн «билим берүүчү», «кеңеш берүүчү», «таасирлентүүчү» деген үч парадигманын негизинде өнүгүп жаткан аспектилери менен тааныштырууга, илимий изилдөө жүргүзө билүү көндүмдөрүнө ээ болушуна негиз болот. Ийримге катышкан студенттер азыркы кездеги бардык тармактарга инновациялык технологиялардын, санариптештирүүнүн, эмгекти уюштуруунун жаңы формаларынын киргизилишинин шарттарында окуучуларды компетенттүү кесип тандап даярдоонун теориялык, практикалык маселелерин натыйжалуу өздөштүрө алышты.

Эксперименталдык топтогу болочоктогу мугалимдер окуучулардын арасында максаттуу кесиптик багыт берүү иштерин жүргүзүү көндүмдөрүнө ээ болгондуктарын педагогикалык практика мезгилинде көрсөтө алышты. Алар методдордун комплексин (анкета алуу, аңгемелешүү, тестирлөө) колдонушуп окуучулардын кесиптик кызыгуусун, шык жөндөмүн, кесип тандоосунун мамиле-мотивдерин үйрөнүшүп, маалыматтык технологияларды, инновациялык форма жана методдорду колдонуу менен тарбиялык иш чараларды уюштурушту. Биз мындан педагогикалык практиканын максаттуу багытталышы болочоктогу мугалимдин кесиптик багыт берүү ишинин технологиясын өздөштүрүүсүнө, компетенттүү натыйжалуу иш жүргүзүүнүн көндүмдөрүнө ээ болуусунда маанилүү болуп саналат деп айта алабыз.

Эксперименттин соңунда эки топтун студенттеринин кесиптик багыт берүү ишин жүргүзүүгө даярдыгын жогоруда белгиленген кесиптик багыт берүү иши даярдоонун компоненттеринин негизинде аныктадык. Алгачкы этапта эки топтун студенттеринин кесиптик багыт берүү ишин жүргүзүүгө даярдыгынын деңгээли негизинен бирдей болгон. Эксперименттин соңунда бул көрсөткүчтөр эксперименталдык топто чыгармачылык деңгээл 37 % ды, жогорку 30%ды, орточо 23%ды түзсө, текшерүүчү топто бул деңгээлдер 10-15% га төмөн болгон.

Демек, болочоктогу мугалимдин кесиптик багыт берүү ишин компетенттүү жүргүзүүгө даярдыгын – максаттык,

мотивациялык-баалуулук, когнитивдик, маалыматтык, иш-аракеттик, рефлексивдик компоненттерди камтыган, кесиптер дүйнөсүндөгү өзгөрүүлөрдү, окуучулардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен иш жүргүзүү үчүн зарыл болгон инсандык жана кесиптик сапаттардын жыйындысы катары карасак болот. Бул маселени чечүүдө аудиториядан тышкаркы иштер болочоктогу мугалимдердин кесиптик багыт берүү ишинин технологиясы боюнча теориялык билимин тереңдетүүгө, тарбиялык иштердин алгылыктуу форм, методдорун жана маалыматтык технологияны колдоно билүүнүн көндүмдөрүн калыптандырууга көңүл бөлүү зарыл.

**Колдонулган адабияттар**


1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети. “Кыргыз Республикасында он эки жылдык мектептик билим берүүгө өтүү жөнүндө” концепциясы: Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 30-октябрындагы № 654 токтому [Электрондук ресурс]. – Жеткиликтүү режими: 48.edubish.kg/12-letnee-obrazovanie/ (кайрылган күнү: 13.04.2026).
2. Адольф, В. А. Профессиональная компетентность современного учителя: монография / В. А. Адольф. – Красноярск, 1998. – 310 с.
3. Асипова, Н. А. Проблемы формирования профессиональной компетентности будущих педагогов / Н. А. Асипова // Sosyal Bilimler Dergisi. – 2006. – Sayı 15. – С. 225–230.
4. Байденко, В. И. Компетенции в профессиональном образовании (освоение компетентностного подхода) / В. И. Байденко // Высшее образование в России. – 2004. – № 11. – С. 24–29.
5. Борисова, Т. С. Формирование профориентационной компетентности у будущих учителей технологии и предпринимательства в образовательном процессе вуза: дис. ... канд. пед. наук: 13.00.08 / Т. С. Борисова. – Нижний Новгород, 2008. – 188 с.
6. Блинов, В. И. Компетентностный подход в профессиональном образовании / В. И. Блинов. – М.: ООО «МЭЙЛЕР», 2010. – 228 с.
7. Гавриленкова, И. В. Профориентация – глобальная проблема человека нового тысячелетия: монография / И. В. Гавриленкова. – Saarbrücken: LAMBERT Academic Publishing, 2013. – 70 с.
8. Губанова, М. И. Педагогическое сопровождение социального самоопределения старшеклассников / М. И. Губанова // Педагогика. – 2002. – № 9. – С. 32–39.
9. Дьяченко, М. И. Психология высшей школы: учеб. пособие для вузов / М. И. Дьяченко, Л. А. Кандыбович. – Минск: Изд-во БГУ, 1981. – 383 с.
10. Зеер, Э. Ф. Модернизация профессионального образования: компетентностный подход: учеб. пособие / Э. Ф. Зеер, А. М. Павлова, Э. Э. Сыманюк. – М.: МПСИ, 2005. – 216 с.
11. Кулакова, А. Б. Поколение Z: теоретический аспект / А. Б. Кулакова // Вопросы территориального развития. – 2018. – № 2(42). – С. 10–21.
12. Курочкина, Л. В. Формирование профессиональной компетентности будущих педагогов в сфере профессиональной ориентации школьников / Л. В. Курочкина // Современные проблемы науки и образования. – 2012. – № 5. – С. 190.
13. Психолого-педагогический словарь для учителей и руководителей общеобразовательных учреждений / авт.-сост. В. А. Мижериков; под ред. П. И. Пидкасистого. – Ростов н/Д: Феникс, 1998. – 544 с.
14. Раимкулова, А. С. Реализация аспектов цифрового образования как условия формирования профессиональных компетенций будущего педагога / А. С. Раимкулова // Вестник Кыргызского национального университета имени Жусупа Баласагына. – 2024. – № 1(117). – С. 46–50.
15. Сапа, А. В. Поколение Z – поколение эпохи ФГОС / А. В. Сапа // Продуктивная педагогика. – 2015. – № 8(56). – С. 2–9.
16. Сманбаев, Ө. А. Кыргызстанда кесиптик багыт берүү маселесинин өнүгүү этаптары / Ө. А. Сманбаев, А. Аманова // Жусуп Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. Атайын чыгарылыш. – Бишкек, 2013. – 147–151-бб.
17. Сманбаев, Ө. А. Окуучуларга кесиптик багыт берүүнү өркүндөтүүнүн зарылдыгы / Ө. А. Сманбаев // Вестник КГУ им. И. Арабаева. – 2025. – № 1/2. – С. 645–652.
18. Сманбаев, Ө. А. Келечектеги мугалимди кесиптик багыт берүү ишине даярдоо / Ө. А. Сманбаев // Вестник КГУ им. И. Арабаева. – 2025. – № 1/2.
19. Шамис, Е. Теория поколений / Е. Шамис, А. Антипов // Маркетинг Менеджмент. – 2007. – № 6. – С. 9–10.
20. Щёголь, В. И. Учет демографической ситуации при формировании профориентационно-валеологической компетентности будущего учителя / В. И. Щёголь, Е. В. Муравина // Известия Самарского научного центра Российской академии наук. – 2012. – Т. 14, № 1-3. – С. 838–842.

21. Фирсова, И. А. Профориентационная работа в системе развития образования: опыт работы Финансового университета / И. А. Фирсова // Управленческие науки в современном мире. – 2015. – Т. 2, № 1. – С. 4–7

**Рецензент: пед.и.д., профессор Мусаева В.И.**